Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети

Жобо Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган.
Протокол № 5,
"28" 12, 2022-жыл.

БЕКИТЕМ
Ректор, профессор,
_______________ К.Ж.Усенов
"___" ___________ 2022-жыл

**ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамынын эмгек акысына стимулдаштырууга багытталган кошумчалар жөнүндө**

## ЖОБО

Жобо медицина факультетинин "Дарылоо иши" адистигиндеги окуган чет өлкөлүк студенттерге сабак берген профессордук-окутуучулук курамынын арасынан англис тилинде сабак өтө ала турган, окумуштуулук даражасы бар окутуучулардын эмгек акысына шыктандыруучу кошумчаларды кошуу үчүн түзүлдү.

### 1. Жалпы жоболор

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын 30-апрель 2003-жылдагы кабыл алынган №92 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын VI Глава Билим берүүнү өнүктүрүүнүн экономикалык негиздери жана каржылоонун 44-беренеси Билим берүү уюмдарын каржылоо тартибине ылайык:

*Билим берүү уюмдары бюджеттик жана бюджеттик эмес каражаттардын чегинде окуп жаткандарды жана педагогдорду социалдык жактан колдоо боюнча чараларды өз алдынча иштеп чыгат жана ишке ашырат.*

*Кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүчү мамлекеттик билим берүү уюмдары өздөрүнүн каражаттарын пайдалануунун багытын жана тартибин, анын ичинде билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөгө жана материалдык жактан стимулдаштырууга багытталган үлүштү көзөмөлчүлүк кылуу кеңешинин макулдугу менен өз алдынча аныктайт.*

Жобо ЖАМУнун Уставынын негизинде түзүлдү.

### 2. Жобо түзүүнүн негизги максаты:

- профессордук-окутуучулук курамды тил (англис) үйрөнүү жана илимий деңгээлин жогорулатуу үчүн шыктандыруу жана кызыктыруу;
- чет өлкөлүк студенттеринин билим алуусунда билим сапатын жогорулатуу.

### 3. Жободо коюлуучу негизги талаптар:

- окутуучунун окумуштуулук даражасы болуусу зарыл;

- окутуучу англис тилин билүү боюнча TOEFL, IELTS жана башка тестирлөөнүн жыйынтыгынын деңгээли B1 ден кем болбоосу зарыл.

**4. Жобо боюнча кошумчаларды чегерүү тартиби:**

- кошумча бюджеттик эмес атайын каражаттын эсебинен каржыланат;
- кошумча чегерүүнүн көлөмү тил билүүсү боюнча тестин жыйынтыгынын негизинде Окумуштуулар кеңешинин чечими менен аныкталып, Көзөмөлчүлүк кеңештин кароосуна сунушталат;
- кошумча төлөм Көзөмөлчүлүк кеңештин чечими менен ректордун буйругунун негизинде төлөнөт.

Түзгөндөр: Абдыкадыров П.М.
Алибаев А.П.